**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети жана «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин Салимов Рустамбек Шухратбековичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргызстанда демократиянын калыптанышы: философиялык анализ» аттуу темада жазылган диссертациясынын**

# КОРУТУНДУСУ

**Төрага:** Аскаров Т.А. – КР УИАнын корреспондент мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор;

**Мүчөлөрү:** Стамова Р.Д. – философия илимдеринин доктору, профессор; Исмаилова Э.И. - философия илимдеринин доктору, профессор талапкер **Р.Ш. Салимовдун** 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргызстанда демократиянын калыптанышы: философиялык анализ»** аттуу диссертациялык ишин карап чыгуу менен төмөндөгү корутундуга келишти:

**1. Диссертациялык кеңеште коргоону өткөрүү укугу берилген иштин адистигинин ылайык келүүсү.**

Р.Ш. Салимовдун **«Кыргызстанда демократиянын калыптанышы: философиялык анализ»** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште Кыргызстандагы демократиянын калыптанышына философиялык өңүттө анализ жүргүзүлгөн. Ошол себептүү диссертациялык иш 09.00.11 - социалдык философия адистигине толук жооп берет.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргызстанда демократиянын калыптануу процессин философиялык талдоо, анын кыргыз менталитети менен

диалектикалык байланышкан маданий-цивилизациялык жана тарыхый өзгөчөлүктөрүн аныктоо болуп саналат.

**Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер аркылуу жеткен:**

– демократия түшүнүгүнүн маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрүн философиялык рефлексиянын деңгээлинде экспликациялоо;

– демократиянын маңызын жана карама-каршылыктарын изилдөө;

– Кыргызстандагы демократиянын салттуу маданий-цивилизациялык негиздерин аныктоо;

– кыргыз элинин байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки демократиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн тактоо;

– азыркы Кыргызстандын демократиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп социалдык-руханий реалдуулуктун өзгөчө, комплекстүү феномени-демократия эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргызстандагы демократиянын маданий-цивилизациялык негиздери, анын калыптануу өзгөчөлүктөрү саналат. Изилдөөнүн обьектиси жана предмети 09.00.11 - социялдык философия адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына жооп берет.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кайра куруу доорунда советтик мамлекеттерди саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук жактан трансформациялоого аракеттенүү алардын кыйрашына алып келди. Жаңы мамлекеттердин түзүлүшү өлкөнү жана коомду радикалдуу саясий, ошондой эле социалдык-экономикалык өзгөртүү менен шартталган жаңы проблемаларды чечүү зарылдыгын баса белгиледи. Мурунку советтик республикалардын көпчүлүгү саясий жана социалдык-саясий кайра түзүүлөрдүн демократиялык жолун тандап алышты. Бирок мезгилдин өтүшү менен демократиялык институттардын түзүлүү жана функциялануу натыйжалары түрдүү мүнөзгө ээ болду. Тигил же бул деңгээлди шарттаган

себептердин ичинен демократиялык реформалар ишке ашкан элдердин, мамлекеттердин маданий жана цивилизациялык өзгөчөлүктөрү зор роль ойнойт.

Саясий системалардын жана структуралардын, ошондой эле маданияттардын унификациясына алып келген ааламдашуу шартында жана «демократиялык институттарды жайылтуу, өнүктүрүү максатында» деген чүмбөттү жамынып ишке ашырган «түстүү революциялар» демократия феноменин изилдөө зарылдыгын дагы бир ирет далилдөөдө.

Экономикалык жана технологиялык жактан күчтүү өнүккөн өлкөлөр демократиялык мамлекеттердин катарына киргендигине байланыштуу көптөгөн өлкөлөр толук кандуу демократиялык институттарды түзүп, калыптандырууга умтулушууда. Анткени элдин арасында мамлекеттик демократиялык институттардын түзүлүшү жана алардын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө натыйжалуу функцияланышы экономиканын, материалдык, финансылык каражаттардын өнүгүшүнө, аны менен катар социалдык жана саясий стабилдүүлүккө алып келет деген ой басымдуулук кылат. Эгерде демократиялык институттары күчтүү өнүккөн мамлекеттер экономикалык, технологиялык жана илимий жактан артта калган же материалдык, финансылык тараптан жакыр, жетишпеген болсо, демократияга, аны өнүктүрүп, калыптандырууга кызыгуу анчалык жогорку даражада болмок эмес. Демократиянын маңызы анын экономикалык жагы менен эле чектелип калбастан, жарандардын чыгармачыл эркиндигине өбөлгө түзгөн укуктук жана социалдык, саясий шарттарды түзүүдө турат.

Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүнүн түпкү тамырын этносубуздун тарыхынан жана маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрүнөн издөө максатка ылайыктуу. Демократия феноменин изилдөөдө социологиялык ыкманы колдонуу материалдык булактарды, коомдун таптык структурасын, социумдун экономикалык базисин талдоо менен эле чектелип калат. Ал эми цивилизациялык ыкма демократиянын калыптанышына

идеалдык-руханий, маданий факторлордун тийгизген таасирин терең ачууга жардам берет.

Каралып жаткан проблеманын маңызын, өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоонун негизин маданий-цивилизациялык ыкма түзгөндүгүнө байланыштуу кыргыз элинин тарыхый, менталдык, маданий өзгөчөлүктөрүн изилдеген кыргызстандык окумуштуулардын эмгектери зор теориялык жана практикалык мааниге ээ. Аталган жагдайлар иштин актуалдуулугун белгилейт.

**3. Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жоболордун «Илимий даражаларды алуу үчүн сунушталган диссертацияларга коюлган баалардын критерийлери жана талаптары» аттуу II бөлүгүнүн чегиндеги иштин илимий жыйынтыктары.** Автор изилдөөсүнүн негизинде жасалган жыйынтыктар илимий жактан маанилүү болуп эсептелет. Диссертацияда Кыргызстандын өнүгүү контекстинде демократия, анын эволюциялык табияты жөнүндө социалдык-философиялык аналз жүргүзүшү, автордун философиялык изилдөөлөргө кошкон жеке салымы болуп эсептелет. Илимий иште философия илиминин өнүгүүсү үчүн олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы жалпыланган илимий-теоретикалык жыйынтыктар берилген:

***1-жыйынтык.*** Диссертациялык иште Кыргызстандагы маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрдүн негизинде демократиянын маңызы жана карама-каршылыктары аныкталган;

***2-жыйынтык.*** Изилдөөдө Кыргызстанда демократиянын калыптанышындагы салттуулуктун (традиционализм) ролу, анын социалдык философия алкагында изилдениш багыттары көрсөтүлгөн;

***3-жыйынтык.*** Кыргыздардын байыркы мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин мамлекеттүүлүк шартындагы демократиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталган;

***4-жыйынтык.*** Изденүүчү тарабынан азыркы Кыргызстандагы демократиялык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү философиялык талдоого алынган.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда берилген жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жалпылык жана негиздүүлүк деңгээли.**

***1-жыйынтык.*** Демократия маселесине, анын маңызына философиялык рефлексиянын негизинде талдоо жүргүзүүдө маданий-цивилизациялык ыкманы колдонуу жакшы натыйжа берет. Демократия феноменин изилдөөдө социологиялык ыкманы колдонуу материалдык булактарды, коомдун таптык структурасын, социумдун экономикалык базисин талдоо менен эле чектелип калат. Ал эми цивилизациялык ыкма демократиянын калыптанышына идеалдык-руханий, маданий факторлордун тийгизген таасирин терең ачууга жардам берет.

***2-жыйынтык.*** Азыркы геосаясий мейкиндикте бирдиктүү глобалдык маданият калыптанып, ал локалдык маданияттарды четке сүрүп чыгарат. Демократиянын принциптери жана институттары маданияттардын унив ерсалдашуусуна мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле экономикалык, технологиялык жактан артта калган элдерге, мамлекеттерге алдыга жылууга өбөлгө түзгөн керектүү шарттарды жаратат. демократия маданий экспансия катары эле кызмат өтөбөстөн, коомдогу социалдык, экономикалык, саясий жана маданий проблемалардын комплексин чечүүчү күчтүү каражат болуп саналат. Өлкөнүн жарандарына керектүү укуктарды жана эркиндиктерди берүү калктын чыгармачыл энергиясын жогорулатып, керектүү, зарыл нукка бурат, мамлекеттин социалдык-экономикалык маданий-руханий өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

***3-жыйынтык.*** Кыргыз элинин советтик мезгилге чейинки доору салттуу коомго кирет. Кыргызстандын азыркы шартында да салттуулуктун айрым типтүү мүнөздөрү сакталган. Салттуу коомдо жашоонун коллективдүү принциптери, нормалары жана негиздемелери басымдуулук кылып, индивидуализм четке кагылат. Демократияны башкаруу формасы боюнча эмес, индивидуалдык болмуштун чегинде карай турган болсок, бул феномен адамдын эгоисттик жаратылышына жана индивидуализм философиясына ылайык келген саясий форма иретинде белгилүү. Демократияда саясатка

жана өлкөнү башкарууга юридикалык, саясий укуктарга ээ болгон жарандардын көпчүлүк бөлүгү тартылат. Башкача айтканда, демократия индивидуализм философиясына ыңгайлашкан саясий форма катары бааланат. Салттуу коом диний көз караш үстөмдүк кылган социумдарда өтө кыйынчылык менен өзгөрүүгө дуушар болот. Мындай шартта трансформацияга каршы туруу диний фундаментализм формасына ээ болот.

***4-жыйынтык.*** Кыргыз салттуу коомунда коллективдүү башат жана нормалар индивидуалдык ченемдерден басымдуулук кылган. Кыргызстандын (согуштук) аскердик демократия шартында жашоосу, кыргыз уруу, уруктарынын милитаристтик мүнөзү чыгыш деспотизмине жол берген эмес. Мындай коомдо тууганчылык критерий мүлктүк жана катмардык абалын караганда жогору турган. Кыргыз салттуу коомундагы саясий система ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон. Кыргыздардын адаптациялык жөндөмдүүлүк-төрүнө курчап турган айлана – чөйрө, тоолуу ландшафт да белгилүү таасирин тийгизген. Кыргыздарда туруктуу мамлекеттин жоктугу согуштук (аскер) демократиянын салттуу формаларынын сакталып калышы өбөлгө түзгөн. Чыгыш мамлекеттерине мүнөздүү болгон деспотизм кыргыз уруу-уруктарына мүнөздүү көрүнүш болгон эмес. Чыгыш мамлекеттеринин деспотизминин экономикалык негизи болуп мамлекеттик менчиктин басымдуулук кылышы эсептелген.

***5-жыйынтык.*** Кыргызстанда коомдук жана саясий жашоону демократиялаштыруу жаатында жетишээрлик деңгээлде иш-аракеттер жасалды. Бирок бул саясий жана коомдук жашоону институционалдаштыруу процессине, башкача айтканда, демократиялык эрежелерди, нормаларды жана санкцияларды орноштуруу менен социалдык мамилелердин демократиялык формасына өткөрүү, коомдук мамилелерди социалдык институттарга алмаштыруу процессине гана тийиштүү болгон. Формалдуу көз караш менен айтканда, Кыргызстанда демократиялык институттар түзүлүп бүткөн, бирок анын реалдуу мазмуну дагы деле традициялуу коомдун мүнөзүн алып жүрөт. Саясий, коомдук-экономикалык

мамилелердин либералдашуусу жана демократияла-нышы саясий, экономикалык, мамлекеттик, коомдук турмушта трайбалисттик тенденциялардын жана практиканын активдешине алып келди.

**5. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий (жоболорунун, корутундуларынын, натыйжаларынын) жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгү.**

Диссертациялык иште чыгарылган жоболор жана жыйынтыктар, автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө илимий концептуалдуу негизде ишенимдүү ой-пикирлер менен негизделген. Изилденүүгө алынган проблема өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болду.

***1-жыйынтык.*** Демократия феномени философиялык аспектиде каралган. Кыргызстандагы демократиянын өзгөчөлүктөрү, анын маңызы жана карама-каршылыктары иштин негиздүүлүгүн түзөт.

***2-жыйынтык.*** Кыргызстандагы демократянын калыптануу негиздерин изилдеген ата-мекендик социолог, философ окумуштуулардын эмгектерине салыштырма анализ жүргүзүү иштин жаңылыгы болуп саналат.

***3-жыйынтык.*** Демократиянын эволюциялык маңызын, учурдагы өнүгүү тенденцияларын социалдык-философиялык өңүттө анализ жүргүзүлгөндүгү жаңычылдык мүнөзгө ээ.

***4-жыйынтык.*** Азыркы Кыргызстандагы демократиянын салттуу маданий-цивилизациялык негиздери жана байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки демократиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталган. Бул иштин негиздүүлүгүн жана аныктыгын көрсөтүп турат.

***5-жыйынтык.*** Демократиянын мүнөзү, анын формалдуу белгилери, коомдо же мамлекетте өнүгүү даражасы ошол социум тарыхый өнүгүү процессинде калыптандырган баалуулуктар системасынын изилдениши негиздүү жана так берлген.

**6. Актуалдуу маселелерди, теоретикалык жана практикалык милдеттерди чечүү үчүн ички биримдиктин баасы жана алынган жыйынтыктардын багыттуулугу.**

Р.Ш. Салимовдун 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган «Кыргызстанда демократиянын калыптанышы: философиялык анализ» аттуу диссертациялык ишинин жоболору өз ичине Кыргызстандагы демократиянын маданий-цивилизациялык негиздерин, анын калыптануу өзгөчөлүктөрүн комплекстүү изилдөөнү камтыган.

Илимий иш бир нече жаңы илимий жаңылыктарды жана жоболорду камтып турат. Бул изденүүчүнүн философия илимине кошкон салымы катары белгилөөгө болот. Диссертациялык иштеги алынган илимий жыйынтыктар бири-бири менен байланыштуу, практикалык сунуштар такталган, теоретикалык жоболор ишенимдүү калыпка салынган.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иште колдонулган материалдар, изилдөөлөр жана иштин жыйынтыктары философия, социалдык философия, социология, демография илимдеринин алкагында каралуучу Кыргызстандагы демократиянын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө жана атайын курстарды, лекцияларды окууда кошумча маалымат катары колдонууга болот. Илимий иште жүргүзүлгөн изилдөөлөр демократиянын өнүгүү тендецияларын философия, социология жана тарых илимдеринин алкагында каралган изилдөөлөргө салым кошо алат. Диссертацияда берилген теориялык, илимий жыйынтыктар жана сунуштар азыркы кыргыз коомчулугундагы демократялык институттардын бекемделишине жана турукталышына жардам берет.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарык көрүүсүн тастыктоо.** Р.Ш. Салимовдун кандидаттык диссертациясында алынган илимий жыйынтыктар изденүүчүнүн төмөндөгү эмгектеринде жүзөгө ашкан:

1. Салимов Р.Ш. Специфика культурной адаптации кыргызов [Текст] / Р.Ш. Салимов, Борсонов А.Р. // Вестник Института философии и политико-правовых исследований.- Бишкек, 2011. - №2. – 122-125 - б.

2. Салимов Р.Ш. Специфика развития правовой культуры кыргызов [Текст] / Р.Ш. Салимов, А.Ш. Таштанова // Вестник Иссык-Кульского Университета.- Каракол, 2011. - №30. – 300-305 - б.

3. Салимов Р.Ш. Глобализация: проблемы идентификации и демократии в Центральной Азии [Текст] / Р.Ш. Салимов, Г.Ж. Орунбаева // Поиск. – Алмата, 2013. – №2. – 216–222 - б.

4. Салимов Р.Ш. Кыргыз мамлекеттүүлүк шартындагы демократия [Текст] / Р.Ш. Салимов // Гуманитарные проблемы современности. - Бишкек, 2013. Выпуск 14. - 331-336 - б.

5. Салимов Р.Ш. Демократиянын түшүнүгүнүн маңызы жана карама-каршылыктары [Текст] / Р.Ш. Салимов // Гуманитарные проблемы современности. -Бишкек, 2013. Выпуск 16. - 638-643 - б.

6. Салимов Р.Ш. Элементы демократии в традиционном кыргызском обществе [Текст] / Р.Ш. Салимов // Гуманитарные проблемы современности. -Бишкек, 2014. Выпуск 19. - 407-411 - б.

7. Салимов Р.Ш. Особенности развития демократии современного Кыргызстана [Текст] / Р.Ш. Салимов // Гуманитарные проблемы современности. -Бишкек, 2014. Выпуск 19. - 411-416 - б.

8. Салимов Р.Ш. Демократия как культурно-цивилизационный феномен кыргызского общества [Текст] / Р.Ш. Салимов // Гуманитарные проблемы современности. -Бишкек, 2014. Выпуск 20. - 630-634- б.

9. Салимов Р.Ш. Формирование кыргызской государственности в процессе демократизации общества [Текст] / Р.Ш. Салимов // Гуманитарные проблемы современности. -Бишкек, 2014. Выпуск 20. - 634-638 - б.

10. Салимов Р.Ш. Кыргызстан жарандарынын руханий коопсуздугу [Текст] / Р.Ш. Салимов, Э.К. Шарипова, Р.А. Ысмаилова // Вестник Иссык-Кульского Университета.- Каракол, 2015. - №24. – 252-254 - б.

11. Салимов Р.Ш. История демократии в условиях кыргызской государственности до новейшего времени [Текст] / Р.Ш. Салимов // Инновационные технологии в науке и образовании. -Чебоксары, 2015. №3 (3). – 272-274 - б. ISSN 2413-3981.

12. Салимов Р.Ш. Исторические предпосылки демократического развития Кыргызстана и его особенности [Текст] / Р.Ш. Салимов // Инновационные технологии в науке и образовании. -Чебоксары, 2015. №4 (4). – 226-228-б. ISSN 2413-3981.

13. Салимов Р. Ш. Суверенитет как критерий государства [Текст] / Р. Ш. Салимов, Э. К. Шарипова, А. К. Кулназаров // Новое слово в науке: перспективы развития. – Чебоксары, 2016. – № 1 (7). – 93–96 - б. ISSN 2411-8133.

14. Салимов Р.Ш. Кыргызский язык в условиях глобализации английского языка [Текст] / Р.Ш. Салимов, Р.А. Ысмаилова // Инновационные технологии в науке и образовании. - Чебоксары, 2015. - № 4 (4). – 264–268 - б. ISSN 2413-3981.

15. Салимов Р.Ш.Демократия в условиях глобализации [Текст] / Р.Ш. Салимов, А.К. Кулназаров, Ж. Аваз кызы // Вестник ОшГУ. - Ош, 2016. Спец.выпуск. – 11-14 - б. ISSN 1694-7452.

16. Салимов Р.Ш. Категория историчности и образности в исторических очерках [Текст] / Р.Ш. Салимов, С.К. Жусуева // Образование и наука в современных условиях. - Чебоксары, 2016. - № 1 (6). – 311–314 - б. - ISSN 2412-0537.

**9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна ылайык келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине толугу менен ылайык келет. Автореферат орус жана англис тилдериндеги окшош резюмеге ээ.

**10. Жетектөөчү мекеменин, расмий оппоненттердин дайындалуусу туурасындагы сунуштардын негиздүүлүгү.**

Диссертацялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү мекеме катары Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана

социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасын сунуштайт, анткени аталган кафедранын курамында философия илимдеринин доктору, профессор М.Ж. Жумагулов, флософия илимдеринин доктору Дж.А. Аширалиев, философия илимдеринин кандидаты, доцент А.К. Карыева, философия илимдеринин кандидаты, доцент М.Ш. Толобаев жана башкалар эмгектенишет.

**Биринчи расмий оппонент –** философия илимдеринин доктору, профессор **Орозалиев Эрик Садыкович** (автореферат боюнча адистиги 09.00.11-социалдык философия) изилдөө маселесине жакын эмгектери:

1. Орозалиев Э.С. Социальная работа: состояние и проблемы // Вестник БГУ, 2003. - №1. – 62-66 - б.
2. Орозалиев Э.С. История и теория социальной работы в Кыргызстане: Теория и практика социальной работы в Кыргызстане. Издательство БГУ. Бишкек, 2006. – 187 - б.
3. Орозалиев Э.С., Мусаева Н.К. Философия социальной работы. Бишкек - “Жамаат пресс”, 2012. – 212 - б.

**Экинчи расмий оппонент –** изилдөө маселесине жакын эмгектери бар, философия илимдеринин кандидаты, доцент **Самыйканов Адисбек Тынчтыкбекович** (автореферат боюнча адистиги 09.00.03-философиянын тарыхы) изилдөө маселесине жакын эмгектери:

1. Самыйканов А.Т., Ибраев К.Ш. Политическая культура в системе ценностей // Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. – Бишкек, 2007. - №8. – 215-220 - б.
2. Самыйканов А.Т. Дорелигиозное верование как фактор формирования мировоззрения кыргызов // “Вестник” КГУ им.Арабаева. – Бшкек, 2009. - №15. – 168-171 - б.
3. Самыйканов А.Т Мифоэпические знания древних кыргызов об обществе природе // “Вестник” КГУ им.Арабаева. -Бшкек, 2009. - №15. -164-167 - б.

Комиссия мүчөлөрү көрсөтүлгөн документтерди карап чыгуу менен Кыргыз Республикасынын УИАнын философия жана саясий укук-изилдөөлөр институту, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети жана «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешинен **Салимов Рустамбек Шухратбековичтин** 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргызстанда демократиянын калыптанышы: философиялык анализ»** аттуу темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

***Комиссянын төрагасы:***
**КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **А.Т. Аскаров**

***Комиссиянын мүчөлөрү:***
**Философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **Р.Д. Стамова**

**Философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **Э.И. Исмаилова**

**Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктайм:**
**Диссертацялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин**
**кандидаты, у.и.к.** ____________ **Н.С.Акматова**